## *ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИ*
## *ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ*
## *PHILOSOPHICAL SCIENCES*

*DOI:10.26104/NNTIK.2022.19.48.019*

*Иманалиев С.С.*

# «СҮРӨӨ» – АДАМ ЖАШООСУНУН ФИЛОСОФИЯСЫ

*Иманалиев С.С.*

# «ПОДТЯГИВАНИЕ» – ФИЛОСОФИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКОГО БЫТИЯ

*S. Imanaliev*

# «PULLING» UP THE PHILOSOPHY OF HUMAN BEING

*УДК: 947-56/78*

*Илимий макалада «Манас» эпосунун тарыхый үч нуска, насааты, азыркы философиянын милдети «сүрөө» адам жашоосунун философиясы экендигин изилдөө, «сүрөө» идеясынын көп кырдуу маани-мазмуну илимий жактан терең талдалат. Азыркы учурда адам баласынын ишмердүүлүгүндө ар бир инсанга ар тараптуу сүрөө керек. Анткени, дүйнө татаалдашып, ошого жараша адамдын жашоо ишмердүүлүгү кыйынчылыктарга кабылып, ар түрдүү тоскоолдуктар пайда болуп отурат. Демек, «сүрөө» идеясын кеңири иштеп чыгып, адамзат коомунун бардык тармактарына жайылтуу абзел деп эсептейбиз. Жашоонун Сыноо-чакырыктарында рационализмге каныккан «Биз сүрөйбүз, демек жашайбыз!» философиясын практикада колдонуп, жашоонун маңызын түзгөн адамды өндүрүү, чыныгы адам болушту жалпы сүрөөнгө алып, болумга арыш таштайлы. Адамдын акыл-эсинде «Сүрөө» идеясы баалуулук, акыл катары жашайт. Болумдун адамына сөзсүз күч-кайрат, сүрөө керек. Акылындагы «сүрөөнү» сезип-туюп, кабыл алган адам, күчтөнөт, от алат, укмуштуудай эрдик иштерди жасайт.*

***Негизги сөздөр:** философия, адам, эпос, сүрөө, идентүүлүк, тарых.*

*В научной статье рассматриваются три исторические проповеди эпоса «Манас», задача современной философии изучить «подтягивание» - это философия человеческой жизни, многогранное значение идеи «подтягивание» будет глубоко проанализировано с научной точки зрения. В настоящее время каждому человеку нужна разносторонняя поддержка в деятельности человека. Потому что мир усложняется, и, соответственно, человеческая деятельность испытывает трудности, возникают различные препятствия. Поэтому считаем, что идею "подтягивания" следует разработать широко и распространить на все сферы человеческого общества. Пропитанный рационализмом в испытании-вызове жизни «Мы подтягиваем, мы существуем!». Давайте с энтузиазмом относимся к тому, чтобы произвести человека, который на практике воплощает в жизнь свою философию, стать истинным человеком. В человеческом разуме идея «подтягивания» живет как ценность, как разум. Человеческому разуму, безусловно, нужна сила и воодушевление. Человек, чувствующий и принимающий «суету» в своем уме, становится сильнее, зажигается, совершает выдающиеся подвиги мужества.*

***Ключевые слова:** философия, человек, эпос, сура, идентичность, история.*

*The scientific article examines three historical sermons of the epic «Manas», the task of modern philosophy to study «Pull-ups» is the philosophy of human life, the multifaceted meaning of the idea of «Pull-ups» will be deeply analyzed from a scientific point of view. currently, every person needs versatile support in human activities. Because the world is becoming more complicated, and, accordingly, human activity is experiencing difficulties, various obstacles arise. Therefore, we believe that the idea of «Pull-ups» should be developed widely and extended to all spheres of human society. Imbued with rationalism in the test-challenge of life, «We pull up, we exist!». Let's be enthusiastic about producing a person who puts his philosophy into practice, to become a true person. In the human mind, the idea of "Pull-ups" lives as a value, as a mind. The person of the department, of course, needs strength and inspiration. A person who feels and accepts "vanity" in his mind becomes stronger, ignites, performs outstanding feats of courage.*

***Key words:** philosophy, man, epic, surah, identity, history.*

«Манас» эпосун илимий багытта жана Манастаануу боюнча көптөгөн изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү, жаңы эмгектердин жаралып жатышы баарыбызды кубандырат. Ошентсе да, «Манас» эпосунун феномени али да толугу менен изилдене элек. Ар бир изилдөөчү улам жаңы кырларды, жаңы мейкинди, бөтөнчө «табылга-кенчти» баамдап, аны коомчулукка сунганга умтулат эмеспи. «Манас» эпосунан кийинки урпактарга кылымдык маанидеги эки нуска, насааты айтылып келе жаткандыгы менен баарыбыздын кабарыбыз бар.

Алар: *биринчиден* «Манастагы» Кытай козголсо кылым козголот деген нусканын толук чындыгынын дүйнөдө ишке ашып жаткандыгы талашсыз. *Экинчиден* «Түгөнгөн сайын түтөгөн кыргыз» оор кырдаалдарда, тарых айдыңында кыргыздардын сакталып, тукум улантып туусун кармап келе жатышы. Эми сөз, *үчүнчүсү* тууралы болмокчу, ал «СҮРӨӨ» - адам жашоосунун философиясы. Сүрөө – көптөгөн кылымдардан баштап, кыргыздардын үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнаган, өлгөн жанды тирилтип, өчкөн отту тамызган кыргыз тарыхынын философиясы. Сүрөө – дүйнө көрүүмдүн, дүйнө таанымдын өзгөчө тү-

рү. Сүрөө – Эл болуунун, Көз карандысыз эркин мамлекетке ээ болуунун философиясы. Натыйжасында өтмүштөн учур чакка актуалдашып «Манастан» насаат айтылып, чындыгында Сүрөө – Кыргыз Республикасында Эгемендүүлүктүн салтанат курушу саналат. Сүрөө – сыноо-чакырыктардан чыгуунун жолу ж.б.

Бар нерсе «Манастан» башат алат, Манас бабабыз да «Сүрөөнү» өзү нускап, атап баштагандыктан, ошентип байыркы мезгилден тартып, айтылып келе жатат.

Көкөтөйдүн ашындагы ат чабыштан:
Кылымдын баары жардашып
Ат келет деп аңдашып,
Сүрөөнү алар билбеген [1].

Ашка келген аргын элдин, алдыга чыккан аттарды Сүрөөнү али билбей тургандыгы билинет.

Атты сүрөп чыгармак
Ашында болуп калыптыр.
Аккула аттын артынан
Ачбуудан кысып калыптыр,
Анын үчүн эр Манас,
Кырылдыңбы кырк жигит,
Аккуланы сүрөө деп
Айгайды бийик салыптыр [1].

Ат чабыш ошол эле учурда, намыс чабыш, намыс талашуу. Ким болбосун, атынын алга чыгуусун көздөйт, аламан байгенин ээси болгусу келбесин. Сүрөө аттарга дем күч берет. Адам жашоосу жана аш берүү, ат чабыш. «Манас» жана болум. Кыргыз. Манас. Сүрөө. Аттарды сүрөө негизинен болумду сүрөө болуп саналат. Болумда эмне болсо, бар болсо алар адамга аралашат, адам акылында чагылдырылат.

Философия илиминде онтология – болум тууралуу илим. Кыргызстандагы ири философтордун арасынан философия илимдеринин доктору, профессор Жамгырбек Бөкөшов болум тууралуу эң мыкты эмгектерди жаратты [2]. Болум/бытие, бар болуш деген эмне дегенге жооп берет. Адабиятта салт катары «болмуш» деген терминди колдонушат. Азыркыга чейин кеңири жайылган түшүнүктөрдүн бири мындай, болум бу – бар нерсенин баары, бүтүндөй дүйнө, чындык дегенди билдирет.

Болумду Сүрөө – адам жашоосунун ыгы, жашоо жолу. Улуттук философиянын милдети «сүрөө – адам жашоосунун негизи» болгондугу жана болуп келгендиги жана боло тургандыгын үйрөнүү, изилдөө болуп саналат. Айрымдар болумду да, сүрөөнү да ойлобойт, маани бербейт, байкасаң башкаларга окшоп жашашат. Өздүгүн «башкалар» башкарат. Адамдын болумунда «*белимчилдик*» орун алган. Анысы кийин байкалат. Анда жашоо болумсуз.

*Сүрөө – дүйнө көрүүмдүн, дүйнө таанымдын өзгөчө түрү.* Космостун жаралуусу, дүйнөнүн түзүлүшү. «Манас» - кыргыз элинин маданий энциклопедиясы, турмуш чындыгын руханий өздөштүрүүнүн формасы катары кароону филос.и.д., профессор Ш.Б. Акмолдоева илимий монографиясында баса белгилейт [3]. Ал эмгекте Байыркы кыргыздардын дүйнө түшүнүмү, кыргыздардын мейкиндик-мезгилдик түшүнүктөрү, космостун жаралуусу, адамдын генезиси жана өнүгүшү ж.б. изилденет. Асман-Манас-Жер үчилтиги тигинен боюнча үч катмардан уюшулган Ааламдын модели катары каралышы ыңгайлуу, ал бүткүл космосту көз менен көрүүгө мүмкүн болгон пендечиликти гана эмес, жогорку кудайлар дүйнөсүн да ичине алат. Манастын мифологиялык генеологиясы бир кезде болгондугунан күмөн саноого болбойт [4]. Манастын жаралуусу жана төрөлүүсү Асманга жана Жерге тиешелүү. Мында Манастын образы табият кубулуштары менен сүрөөттөлүп берилет.

*Сүрөө – адамдын кимдигинин (иденттүүлүгүнүн), ар-намысынын чени.* Адамзат дүйнөлөшүү процессинде биригүү, жакындоо, бири-бирине окшошуусун башынан өткөрүүдө. Улуттар, этностор, мамлекеттер биз «Эртең ким болуп калышыбыз ыктымал» деген түмөн түйшүктүү суроолор менен жашап да, санаага батып жатышат. Бир чети мезгилдин Сынак-Чакырыктары. Аз да болсо Жооп издешке туура келет. Мезгил да өктөм боюн бербейт, ал адамдын оюндагысындай боло бербейт. «*Биз мурун ким элек? Азыр кимбиз, ал акыбалыбыз кандай? Эми ким болобуз?»* - деген суроолорго жооп издейбиз. Даяр Жооп барбы? Эмнеге тарыхый мыйзамдарга баш бакпай, карагандан жалтактап жатабыз. Тарых илимине таянсак, аздыр-көптүр Натыйжа болмок?! Кыргызстанда үч жолу революция-төңкөрүш болду. Коомчулук революцияга катышты. Элдин тагдыры, Эгемендүүлүк тарых таразасына коюлду... Революциялар биздин билгенден биле элегибиз, көргөндөн көрө элегибиздин көптүгүн көрсөттү? Тарыхый кырдаал улуттун кимдик маселесин өзүнүн тарыхый эрки менен чечкенин талап кылууда. Социология илиминдеги кимдик маселесин философия илимдеринин доктору, профессор Жамгырбек Бөкөшов эмгектеринде ачыктап, анын 8 белгисин баса көрсөттү [5].

Алар:

1) Кимдиктин үч катмары; онтологиялык, рефлекциялык жана наррациялык.
2) Кимдиктеги – эки уюлдуулук.
3) Кимдик көп кырлуу.
4) Кимдик – бүтүн, туташ.
5) Кимдик – мүмкүнчүлүк, касиет, болуучу күч.
6) Кимдиктин мезгилдик ассиметриясы. Келечекте ким боло аласың, кимге айланасың.

7) Кимдиктин – өкүмдөшү (актуалдашуусу). Кимдиктин сыналчу учуру.

8) Кимдиктин белгиси (семиотека). Кимдин ким экенин аныктаган белги, касиеттери.

Окурман дагы белгиси бар болсо силер да атагыла, жалпысынан алганда «*Эми ким болобуз*» деген суроонун өзү 7-белгиге Кимдиктин – өкүмдөшүнө (актуалдашуусуна) – анын сыналчу учурда турганынан маалымат берет. Биз, окумуштуулар бу-кимдик маселесинде «Манастагы» баатырдыкты, ар кыл эрдик-мүнөздөрүн айтып эле тим болбостон, «Манас» үчилтигиндеги кимдик маселелерин атайын илимий изилдөөнүн темасына, айкын багытта жана терең изилдөөгө алынуусу зарыл деп санайбыз.

*Сүрөө – адам, эл болуштун ыгы, жолу.* Этнография. Тарых. «Манас» – кыргыздардын тарыхый-маданий эстелиги» монография. Тарых.и.д, профессор И.Молдобаев «Манас» эпосун кыргыз элинин тарыхын жана маданиятын изилдөөдө негизги тарыхый булак катары карап, изилдеген окумуштуу. Анын монографиясында биринчилерден болуп, Кыргызстандын тарыхнаамесинде баатырдык эпос «Манас» тарыхый-этнографиялык жактан талдалат. Алтай, Хакасия, Тува, Якут, Крым, Казакстан, Монголия, Кыргызстандагы этнографиялык, фольклордук, лингвистикалык материалдар кеңири чагылдырылып, өз ара салыштырылып этникалык тарыхы, этномаданий байланыштары изилденет.

«Манасты» дүйнөнүн башка элдеринин эпосторунан өзгөчө айырмаланган өзгөчөлүктөрү анын байыркы дүйнөнүн миң жылдап созулган узун тарыхы менен тыгыз учташып тургандыгы жана ушундай тарыхый өңүттөн карап, акыркы кезде «Манас» эпосунун мазмунун, маңызын түзгөн эпикалык окуяларды т.и.д., профессор И. Молдобаев окумуштуу катары жети катмар, жети мезгилге бөлүп белгилейт:

1. Хунн жана гунн доору (б.э.ч. XVII, биздин эранын V-кылымдары).
2. Байыркы түрк жана кыргыз доору (V-IX кылымдар).
3. Кара-кытай жана караханид доору (X-XII кылымдар).
4. Монгол доору (XIII к.).
5. Алтын Ордо жана башка хандыктар мезгилиндеги окуялар (XIV-XVI кылымдар)
6. Жунгар жана ойрот-калмак доору (XV-XVIII кылымдар).
7. Соңку кошулган кошумчалар (XIX-XX кылымдын башы) [6].

И. Молдобаев «Манас» эпосундагы этнонимдерди кыргыз эли менен башка элдердин этногенетикалык жана этникалык байланыштарын окуп үйрөнүүдөгү тарыхый булак катары пайдаланууга болот деп эсептейт. Эпостогу дуулат, абак, сары уйшун, албан, жедигер, багыш, алчын, аргын, казак, өзбек, найман, ногой, кыпчак, коңурат, канды, катаган, курама, уйгур, сарт, түркмен, маңгыт, эштек, бозек ж.б. аттары кездешет. Эпостон кыргыздар менен башкырлардын, тувалыктардын, хакастардын этникалык байланышын чагылдырган маалыматтарды табууга болот.

*Сүрөө – эл башчы, журт жакшыларынын, баатырлардын элине, ата-журтуна ак кызмат кылуунун үлгүсү.* Манастаануу боюнча көптөгөн илимий эмгектер, сөздүктөр, лекциялар ж.б., жарык көрдү. Белгилүү окумуштуу ф.и.д., профессор С. Байгазиев «Манас» эпосу боюнча эле 25-тен ашуун эмгек жазып, билим жана тарбия берүү системасына жайылткан. Анын «Манастаануу: Бакай-Чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту» аттуу эмгегинде Бакай Ата Журтун эркиндикке чыгаруу, көз карандысыз кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүү, эл журттун биримдиги, калк аралык ынтымакты сактоо, жалтанбас баатыр, мекенчил, акылман, адилеттүүлүк менен калыстыкты тутунган моралдык-этикалык философиясы, адеп-абийир менталитетине ж.б. камтыган «планета» экендигин ачып берет [7]. Ошондой эле Бакайдын акылмандыгы жана дипломаттык айлакерлиги, Бакайдын Манастын тагдырында ойногон ролу, Бакайдын Манас баатыр менен достукка актыгы, бекемдиги жана берилгендиги ж.б. укмуш баяндалган.

Профессор С. Байгазиев дагы бир эмгегинде «Манас» эпосундагы жеңе билүү философиясын даңазалайт. Алп Кошойдун эл-жеринин боштондугу үчүн болгон баатырдык күрөшү, Кошойдун эр Манастын тагдырында ойногон ролу, инсандык адеп-ахлагы, акылмандыгы, улутмандыгы, мекенчилдиги, патриоттуулугу, баатырдын образынын тарбиялык маанисин ишенимдүү талдоолор менен ачып берген [8]. Биз мында илимий макаланын көлөмү чектелгендигине байланыштуу дагы көптөгөн эмгектерди киргизе алган жокпуз.

Эми соңку ой-пикир жогоруда аталган *үчүнчүсү* тууралы болмокчу, ал «СҮРӨӨ» - адам жашоосунун философиясы. Сүрөө - Сыноо-Чакырыктардан чыгуунун жолу.

Сүрөө – адам болуунун искусствосу.

Сүрөө – адам болуунун маданияты.

Сүрөө – максаттуулук, сандырактыкты жеңүү.

Сүрөө – «өздөн чыккан жатты» жеңүүнүн жолу.

Сүрөө – кыймылга, күлүктөргө жана адам тобуна - ээлик кылуу, ээ болуу.

Сүрөө – рационализмге каныккан адам болумунун философиясы.

Болум менен ой тең маанилеш, алар бир жана тең. Тайтору менен Семетей «сырдаш», эл менен эпос «мүңдаш» болумдуу. Тулпардан калган туяк. Эпикалык бирдиктүү Образ. Биз «эпсиз эпикалык» делгенден жогорулай алсак, «Тайторуулук» философиясын

табабыз, келечекке кадамыбызды түз таштайбыз. Тайтору «болум сырын» жүктөп, эч талыбай, чалыкпай марага келет. Жаныбарым Тайтору элдин тагдырын аркалайт, кыргыз эли үчүн учурдан келечекке кошо сиңип, жуурулушат. Тайтору болочокто болумдун марасынан күтчүдөй сезилет.

«Тайторуулук» – болум менен бир болуу, аны сүрөө – бул кыргыздардын болумга кирүү менен чыгуусун, бар жокко катышуусунун жолу, ыгы. Болумдун Манасы. Болумдун Семетей. Болумдун Каныкейи. Болумдун Бакайы, Болумдун Кошойу, Болумдуу Сейтек ж.б., Адам болуму – Тайторуда. Тарых. Коом. Маданият. Элдин дүйнөгө көз карашы ж.б., баары Тайторунун чабылышына сыйган. Тайтору менен бүтүндөй Болум, кыргыздардын кимдик маселеси, элдин бар болушу айтылат, сүрөттөлөт.

Болум Тайторуну да, Семетейди да сүрөөнгө алат. Биринин марага эрте келиши, дагы биринин рухун өстүрүп, элдик баатыр катары жетилишинин баяндалат. Болумда Каныкей менен Тайторунун аркалаган кызматтарынын мааниси «бир», жаш Семетейди адам болумуна катыштыруу, болум менен убакыттын өлбөс-өчпөс баатырына айлантуу. Семетей ичкитышкы душмандарды жеңгенден соң, кайып болот. Аты бар, өзү жок.

Биз, бүгүн жана эртең болумдун аттын (Тайтору, Аккула) минип чапсак, Бизди кимдер сүрөйт деген турмуштук курч суроо туулат. «Манастын» бийик рухундагы, улуттун чыныгы мекенчил атуулдары, түптүү журтубуз тайманбастан алга сүрөйт.

Кыргыз элинин кылымдар бою, жашоонун сырын тереңден таанып, өздөрүн-өзү сүрөп, жеңишке жетип, өздөрүн даңазалап бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, табигый жана коомдук Сынак-чакырыктардын кыйын кезеңдеринен чыгып келишкен.

Кызырлуу элибиз, «өсөөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт» дегендей жашоо мыйзамдарын билгендиктен, өзүн-өзү сүрөп, өрүш алып, анын кыймачийме жолдорун басып, тарыхтын өтөлгөсүнө чыгарына бекем ишенип келишкен.

Жарышта Тайторуну минип, эч кимди алдыга салбай марага тез жетүүнү каалайт. Биз сүрөйбүз, демек биз болумдуубуз/болумдабыз/. Мен сүрөймүн, демек болумдуумун. Эпостун каармандары Тайторуну Сүрөө менен, болумда болуп тургандыгын билдиришкен. Философиялык афоризм аркылуу, ачык маанайда айтканда «Мен сүрөймүн, демек болумда жашап жаткандыгым чындык» - дегендик. Адамдын болумда болуусунун далили, анын ар качан Сүрөөдө болуусунда. Сүрөө болумдагы адамга түрткү берип, алга сүрөйт! Бул айтым коомдук жана чыгармачылык иштеринде адамга руханий жактан да, практикалык жактан кызмат кылаары чындык.

Бүгүн жана келечекте жаштар, улутмандар жана келечектин кадрлары, жалпы ишкерлер жана кызматкерлер «Биз сүрөйбүз, демек жашайбыз!» айтымын кубанычтуу колдонушат. Адам өзүндөгү инсандык күчтүн кыймылын сезет, өзүн көзөмөлдөйт. Болумдагы өздүк «Менге» бийлик, ээлик кылат. Бул касиеттүү айтым, өздүк кыймылдын кыймылдаткыч күчү катары, коомдук кыймылды да байытат. Адам артта калып баратса, өзүн-өзү сүрөйт, жан-денин аябастан ар-намысын «камчылайт». Сыноолордон өтүп, тоскоолдуктарды багынтат. Сүрөө менен инсан өз максатына жетет.

Адамдагы рационалдуу ойдун үрөнү улуттук аңсезимди ойготот, өстүрөт, калыптандырат. Идея-ойсуз сезим өспөйт, ошо бойдон калат. Ошол кооптуу. Болум акыл-эске алынат. Болум менен бирге болуу, «сүрөө» - ушу азыр болумда болуу, ага кирүүнү билдирет.

Корутунду. Жашоонун Сыноо-чакырыктарында рационализмге каныккан «**Биз сүрөйбүз, демек жашайбыз!»** философиясын практикада колдонуп, жашоонун маңызын түзгөн адамды өндүрүү, чыныгы адам болушту жалпы сүрөөнгө алып, болумга арыш таштайлы. Адамдын акыл-эсинде «Сүрөө» идеясы баалуулук, акыл катары жашайт. Болумдун адамына сөзсүз күч-кайрат, сүрөө керек. Акылындагы «сүрөөнү» сезип-туюп, кабыл алган адам, күчтөнөт, от алат, укмуштуудай эрдик иштерди жасайт. Зыңгырайт, чыкыйат, шерденет. Атактуу болумдуунун бири болот.

Заманбап практикалык-техникалык билимдер менен куралданган, улуттук философияга ээ болушкан жаңы муундар, күчтүү инсандардын калың катмарын көбөйтөт, кубаттуу өлкөнү курат. **Биз сүрөйбүз, демек жашайбыз!** Биз жасайбыз. Биз жашайбыз.

**Адабияттар:**


1. Манас. Кыргыз элинин баатырлык эпосу. 3-китеп. - М., 1990. - 49-б.
2. Бөкөшов Ж.Б. Окуя өтөт, ой калат. - Б., 2013. - 95-119-бб.
3. Акмолдоева Ш.Б. «Манас» ааламы. - Б., 2003. - 8-12-б.
4. Акмолдоева Ш.Б. «Манас» ааламы. - Б., 2003. - 24-25-б.
5. Бөкөшов Ж.Б. Окуя өтөт, ой калат. - Б., 2013. - 189-194-бб.
6. Молдобаев И. «Манас» – историко-культурный памятник кыргызов. - Б., 1995. - 62-б.
7. Байгазиев С. Манастаануу: Бакай-Чыгыштын акылманы, кыргыз калкынын руханий жол башчысы жана улуу патриоту. - Б., 2015. - 4-5-бб.
8. Байгазиев С. «Манас» эпосу: Кошой баатыр-даанышмандыктын, улутмандыктын жана мекенчилдиктин өлбөс-өчпөс өрнөгү. - Б., 2017. - 152-б.